| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br><br>**ЖАЛАЛ-АБАД ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br><br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ** |

**« 07 »-июль 2025-жыл**

**X чакырылыш**
**кезексиз X сессия**

**ТОКТОМ №21 ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин 24.05.2006-жылдагы XVII-сессиясынын №3-токтомуна өзгөртүү, толуктоо киргизүү жөнүндө**

Жалал-Абад шаарынын мэриясынын 30.06.2025-жылдагы чыг.№01-18/3970 сандуу катты, Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин 02.07.2025-жылдагы кеңейтилген жыйынында каралып, Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин кезексиз X сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жалалабат шаардык депутаттар кеңешинин 24.05.2006-жылдагы XVII-сессиясынын №3-токтому менен бекитилген “Жалалабат шаарында курулуш куруу жана жер пайдалануу эрежеси” тартибинин 28-статьясында көрсөтүлгөн В-1-суу объектилерин сууну коргоо тилкелер зонасынын 2-абзацына төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) “Жалалабат шаарында курулуш куруу жана жер пайдалануу эрежеси” тартибинин 28-статьясында көрсөтүлгөн В-1-суу объектилерин сууну коргоо тилкелер зонасынын экинчи абзацындагы **“Сел-Арык каналы үчүн (узундугу 21,6 км. суунун агуусу 3 куб.м./сек)-30м.”** деген сөздөр **“Сел-Арык каналы үчүн (узундугу 21,6 км. Суунун агуусу 10 куб.м./сек чейин)-6м.**” деген сөздөр менен алмаштырылсын.

2. Жалал-Абад шаарынын аймагындагы Көк-Арт дарыясынын сууну коргоочу тилкесинин кеңдигин шаарга кирген аймактар боюнча жээгинен 50 метрден бекитилсин.

3. Жалал-Абад шаарынын мэрине (Э.Ормоков) өз ишмердүүлүгүндө ушул токтомду жетекчиликке алуу жагы милдеттендирилсин.

4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин курулуш, транспорт, коммуналдык чарба жана байланыш боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

6. Ушул токтом Жалал-Абад шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Турдубеков О.Т.**